# БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ (ААОПО)

## Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык колледжин институционалдык аккредитациялоо боюнча эксперттик комиссиянын корутунду отчету

2025 - ж. 29 -30.10. 2025

## Эксперттик комиссиянын курамы

**Эксперттик комиссиянын төрагасы:** Исаков Кубанычбек Абибиллаевич
ОшМУ, Финансы-юридикалык колледжи, директордун орун басары, э.и.к. ________________

**Комиссиянын мүчөлөрү:**

Мадаминова Райхан Калдыбаевна
БатМУ, Сүлүктү педагогикалык колледжи, окутуучу ________________

Азимбаева Саламат Иметовна
"Мурас" инновациялык колледжи, методист ________________

**Референт:** Жээнбаева Ж.А.. ББПУАА, эл аралык иштер жана коомчулук менен байланыштар боюнча менеджери ________________

**1 - Стандарт. Билим берүү сапатын камсыз кылуу саясаты**

**Алсыз жактары:**

1. Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык колледжинин миссиясын иштеп чыгууда окуу жайдын уникалдуулугу жана анын максаттарына жетүү механизмдери эске алынган эместиги.
2. Билим берүү сапатын камсыздоо саясаты эл аралык билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык толук иштелип чыга электиги
3. Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу тутумун ишке ашырууда, контролдоодо жана кайра кароодо студенттердин жана кызыкдар тараптардын катышуусунун так аныкталган эместиги.
4. Стратегиялык онүктүрүү планы декларативдүү түрдо индикаторлору көрсөтпөстөн иштелип чыккандыгы.

**Сунуштамалар:**

1. 30.12.25-жылга чейин Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык колледжинин миссиясы окуу жайдын уникалдуулугу жана анын коюлган максаттарына жетүү механизмдерин эске алуу менен кайрадан каралып иштелип чыксын.

2. 01.09.2026-жылга чейин билим берүү сапатын камсыздоо саясаты эл аралык стандарттын талаптарына ылайык толукталып иштелип чыгып, колдонууга киргизилсин.
3. Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу тутумун ишке ашырууда, контролдоодо жана кайра кароодо жыл сайын студенттердин жана кызыкдар тараптардын катышуусу так аныкталуу менен ишке ашырылсын.
4. 30.08.2026-жылга чейин колледждин стратегиялык өнүктрүү планын индикаторлорду көрсөтүү менен иштелип чыксын жана аткаруу көзөмөлгө алынсын.
5. 2026-жылдын 1.09.чейин колледжде дуалдык окутуунун элементтери окуу процессине киргизилиши пландаштырылуу менен камсыздалсын.

Стандарт 1 – жетишсиздиктер менен аткарылып жатат

**2 - Стандарт. Адам ресурстарын башкаруу**

**Кучтуу жактары:**

1. Коллективдеги жаш курактагы окутуучулардын басымдуулугу.
2. Мугалимдерди стимулдаштыруунун ыкмалары жана каражаттары системалуу түрдө жакшы жолго коюлгандыгы.

Стандарт 2 –аткарылып жатат

**3 - Стандарт. Материалдык жана маалыматтык ресурстар**

**Алсыз жактары:**

1. Кыргыз тилиндеги окуу китептеринин жана окуу-методикалык куралдарынын жетишсиздиги.
2. Окуу жайдын сайты кошумча маалыматтар менен толукталбагандыгы.

**Сунуштама:**

1. Кыргыз тилиндеги окуу китептери жана окуу-методикалык куралдары менен камсыз кылуу иш-чаралары системалык түрдо жыл сайын анализ жүргүзүү менен көзөмөлгө алынсын.
2. 30.01.2026 жылга чейин окуу жайдын сайтын кошумча маалыматтар менен толукталышы көзөмөлгө алынсын.

3. Эки жыл аралыгында окуу жайдын заманбап техникалык каражаттар толукталуу менен жаңыртылышы көзөмөлгө алынсын.

Стандарт 3 – жетишсиздиктер менен аткарылып жатат

[redacted]

**4 - Стандарт. Финансылык ресурстарды башкаруу**

**Алсыз жактары:**

1. Кошумча каржылык каражаттардын жоктугу.
2. Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык колледжинин каржылык менеджмент системасында тобокелдиктерди башкаруунун колдонулбагандыгы.

**Сунуштамалар:**

1. Бир жылдын ичинде каржылоонун кошумча булактарын табуу иштери каралсын.
2. Бир жылдын ичинде колледждин каржы агымдарын башкаруу системасына тобокелдиктерди башкарууну киргизүү мүмкүнчүлүктөрү иштелип чыгуусу каралсын.
3. Эки жыл ичинде кыска мөөнөттөгү төлөмдүү курстарды кошумча иштеп чыгып ишке киргизилиши камсыздалсын.

Стандарт 4 – жетишсиздиктер менен аткарылып жатат

[redacted]

**Стандарттардын бааланышы**

Стандарт 1 – жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
Стандарт 2 – аткарылып жатат
Стандарт 3 –жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
Стандарт 4 – жетишсиздиктер менен аткарылып жатат

**КОРУТУНДУ**

институционалдык аккредитациялоо боюнча тышкы баалоо жүргүзгөн экспертик комиссия өзүнүн алдын ала жыйынтыктоо отчетунун негизинде
Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык колледжин

5 жылдык мөөнөткө аккредитацияланышын сунуштайт

*2025-ж. 30.10.*